# ИСТОРИКО-ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ

**УДК 94(5)**

***Жакиев А.А.***
*асп.Ошского технологического универ. им. М.М. Адышева, Кыргызская Республика*

## ФЕРГАНА ОБЛАСТЫНДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН ЧАРБАЛЫК ТУРМУШУНДАГЫ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ (XIX к. экинчи жарымы - XX к. башы)

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары Фергана областындагы кыргыздардын чарбалык турмушундагы өзгөчөлүктөрү (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы) болуп саналат. Изилдөөнүн максаты: XIX к. - экинчи жарымы - XX к. башындагы 1911-1913 жылдары Фергана областынын курамына кирген уезддердин болуштуктарында жашаган кыргыздардын чарбалык турмушунун өзгөчөлүктөрүн жана статистикалык комитет тарабынан көчмөн кыргыздардын жер иштетүү нормаларын аныктоо. Изилдөөнүн методу: жыйнактардагы материалдардын тарыхый жана салыштырма анализин жүргүзүү. Аталган уезддерде жашаган кыргыздардын арасында мал чарбачылыктан жер иштетүүчүлүк чарбага карай багыт алуу тенденциялары күчөгөндүгү белгиленет. Натыйжада, кыргыз чарбаларынын арасында отурукташуу процесси башталып, көчмөн-мал чарбачылык, отурукташкан-дыйканчылык чарбалык типтери, чарбанын аралаш формалары пайда болгон. Ошол эле учурда тоолуу аймактарда жашаган райондордо кирешенин негизги булагын мал чарбачылык түзүп кала берген. Чарбалык турмушундагы өзгөчөлүктөргө табигый-географиялык факторлор, отурукташкан калктын, көчүп келгендердин таасири чоң болгондугу белгиленет.*

***Негизги сөздөр**: изилдөө; статистик; көчмөн кыргыздар; отурукташуу; мал чарбачылык; жер иштетүүчүлүк; райондор; киреше булагы.*

## ОСОБЕННОСТИ ХОЗЯЙСТВЕННОЙ ЖИЗНИ КЫРГЫЗОВ ФЕРГАНСКОЙ ОБЛАСТИ (вторая половина XIX - начало XX века)

*Предметом исследования в данной работе являются особенности хозяйственной жизни кыргызов Ферганской области (вторая половина XIX - начало XX века). Цель иследования- определить особенности хозяйственной жизни и нормы обработки земель кочевых кыргызов, проживавших в волостях Ферганской области во второй половине XIX - начале XX века,в 1911-1913 годах. Метод исследования: историко-сравнительный анализ материалов сборников, статического комитета по определению норм землепользования кочевых кыргызов, на основе которых были изданы сборники, имеющие большое источниковедческое значение. Было уделено основное внимание особенностям кочевых хозяйств кыргызов. Среди кыргызов, проживающих в уездах Ферганской области, отмечается усиление тенденции перехода от скотоводство к земледелию. В результате чего начался процесс расселения среди кыргызов по типу ведения хозяйства. В итоге в регионе сосуществовали кочевое животноводство, оседло-земледельческое хозяйство и смешанные формы земледелия. В то же время, традиционное для кыргызов скотоводство оставалось основным источником дохода в районах, расположенных в горных местностях. Отмечается большое влияние природно-географических факторов, оседлого населения и переселенцев на особенности хозяйственной жизни кыргызов.*

***Ключевые слова:** исследование; статистика; кочевые кыргызы; оседание; скотоводство земледелие; районы; источник дохода.*

## FEATURES OF THE ECONOMIC LIFE OF THE KYRGYZ IN THE FERGHANA REGION (second half of the 19th - beginning of the 20th century)

*The article attempts to analyze the features of the economic life of the Kyrgyz, who lived in the volosts of the Fergana region in the second half of the 19th - early 20th centuries, in 1911-1913 yy. The Statistical Committee of the KR conducted research to determine the land use norms of the nomadic Kyrgyz, on the basis of which collections of great source study significance were published. In this work, by conducting a historical and comparative analysis of the materials in the collections, the main attention was paid to the characteristics*

*of the nomadic economy of the Kyrgyz. Among the Kyrgyz living in the districts of the Fergana region, there is an increasing tendency to switch from cattle breeding to agriculture. As a result, started the process of settlement among the Kyrgyz according to the type of farming; as a result, nomadic livestock farming, sedentary farming and mixed forms of farming coexisted in the region. At the same time, cattle breeding remained as the main source of income in areas, located in mountainous areas. The article also notes the great influence of natural geographical factors, settled population and migrants on the characteristics of the economic life of the Kyrgyz people.*

***Key words:*** *research; statistics; nomadic Kyrgyz; settlement; cattle breeding; agriculture; regions; source of income.*

Фергана өрөөнү байыркы давандыктар менен сак урууларынын отурукташкан-дыйканчылык жана көчмөн-малчылык чарбаларынын жуурулушунан пайда болгон цивилизация катары эсептелинип, Фергана тарыхта «өзөн цивилизациясы» деп аталуучу аймак катары каралып, чарбалык турмушта жасалма сугатчылык маанилүү ролду ойноп келгендиги белгилүү. Натыйжада сугат дыйканчылыгына негизделген жер ээлөө негизги маселе болуп, аталган аймакта социалдык-чарбалык төмөнкү эки тиби калыптанган:

а) отурукташкан дыйкан, кол өнөрчү жана соодада шүгүрлөнгөн жамаат;

б) көчмөн мал чарбасы менен кесиптенген жамаат.

Башкача айтканда отурукташкан жана көчмөн эки калктын уникалдуу жуурулушунан пайда болгон, тиричиликтин ферганалык варианты XIX к. экинчи жарымы – XX к. башында да сакталып кала берген. 1876-жылы Кокон хандыгынын жоюлушу менен катар Россия империясынын курамындагы Фергана областы түзүлгөн. Фергана областы алгач административдик-аймактык жактан 7 уездге бөлүнсө (Кокон, Маргалаң, Анжиян, Ош, Чимион, Наманган, Чуст), К.П. Кауфмандын 1880-жылдагы отчетунда көрсөтүлгөндөй Фергана облусу 7 уездден, 114 болуштуктан, 621 айылдык жамааттан турган [1, 73 б.]. Областта уезддерди, болуштуктарды, айылдык жааматтарды кыскартуу, бири-бирин бириктирүү процесстери жүрүп турган. Ал эми 1886-жылдагы Түркстан крайын башкаруу жөнүндө Жобонун 3-беренесине ылайык, Фергана облусу 5 уездге: Кокон, Маргалаң, Анжиян, Наманган жана Ош уезддерине бөлүнгөн [2, 320 б.]. Областтын аталган административтик бирдиктеринде отурукташкан калк менен катар эле көчмөн кыргыздар да жашап турушуп, күнүмдүк тиричилик, өз ара достук мамиле, чарбалык жактан бири-бирине болгон таасирлери бекемделип өнүгө берген. Ал эми XIX к. экинчи жарымынан тарта Россия империясынын көчүрүп келүү саясатынын натыйжасында, славян улутунун өкүлдөрүнүн көчүп келиши, жергиликтүү отурукташкан калктын өз ара мамилелерининин таасири астында көчмөн калктын чарбалык турмушунда (өзгөчө жер иштетүүчүлүк, мал чарбачылык ж.б.) транцформациялык прецесстер жүрө баштаган.

Статистикалык комитет тарабынан кыргыздардын чарба жүргүзүүсүнүн (жер иштетүүчүлүгү, суу колдонуусу, мал чарбачылыгы ж.б.) абалын, жер иштетүүдөгү нормаларын аныктоо, “ашыкча жерлерин” каттоо максатында, изилдөө иштери жүргүзүлгөн. Статистикалык эсеп-учет (изилдөө) Фергана областынын Анжиян уездинде 1911-жылы, Наманган уездинде 1912-жылы, 1913-жылы Фергана областынын түштүк аймактарындагы Ош, Кокон, Маргалаң уезддеринде жашаган көчмөн чарбалардын арасында жүргүзүлгөн. Натыйжада аталган уезддердеги, болуштуктардагы жер иштетүү нормаларын, ар бир уездин табигый-географиялык өзгөчөлүктөрүн жана чарба жүргүзүүдөгү өзгөчөлүктөрүн, өзгөрүү процесстерин чагылдырган баалуу булакнаамалык маанидеги өз алдынча жыйнактар түзүлүп, жарыяланган [3]. Белгилүү болгондой, статистикалык эсеп-учет төмөнкүдөй программадан турган:

1. ар бир чарбалык айылдын (административтик) тизмесин түзүү;
2. ар бир чарбалык айылдын түтүн башынын тизмеси;
3. түтүн карточкасын;
4. ар бир малды бөлүп багуудагы эсеп карточкасын;
5. айыл боюнча бланк;
6. общиналык бланк;
7. жергиликтүү калктын чарбасынын жалпы шартын баяндоо;
8. чарбанын бюджетин баяндоо [4, 2 б.].

Демек, көчмөн чарбада мындай эсеп-учет иштерин жүргүзүүнүн максаты, калктын чарбалык турмушунун өзгөчөлүктөрү, түтүн санын, алардын материалдык абалын тактоо, ашыкча үлүш жерди аныктоо максатын коюшкан.

Тарыхый-салыштыруу ыкмасын колдонуу аркылуу Фергана областынын Анжиян, Наманган жана областтын түштүк аймагында жайгашкан Ош, Кокон, Скобелев уезддеринде жашаган кыргыздардын чарбалык турмушуна анализ жасап көрөлү. Фергана областынын административтик түзүлүшүнө кыскача токтолсок, 1904-жылдагы маалымат боюнча, Анжиян уездинде жалпы 21 болуштук болуп, анын 14 отурукташкан, 2 көчмөн жана 5 аралаш болуштук; Маргалаң уездинде жалпы 19, отурукташкан 17, аралаш 2 болуштук; Наманган уездинде жалпы 26, отурукташкан 21, көчмөн 5 болуштук; Кокон уездинде жалпы 23, отурукташкан 21, көчмөн 2 болуштук; Ош уездинде жалпы 11 болуштук, отурукташкан 7, көчмөн 3, аралаш 1 болуштук болгон. Жалпы Фергана областы боюнча 100 болуштук, алардын 80 отурукташкан, 12 көчмөн жана 8 аралаш типтеги болуштуктар болгон [5, 6-7 б.].

Көчмөн болуштуктарга Анжиян уездинен Майлы-Сай, Кенкол-Карагыр (азыркы Токтогул району), Наманган уездинен Суусамыр, Багыш (азыркы Аксы району), Кырк-Уул (азыркы Аксы району), Саруу (азыркы Аксы району), Кутлук-Сейит (азыркы Ала-Бука, Чаткал району), Чаткал (азыркы Чаткал) болуштуктары нагыз кыргыз болуштуктар болгондугун тарыхый булактардан көрүүгө болот [7, 103-128 б.]. Кокон уездинен Нойгут-Кыпчак, Лейлек, Ош уездинен Гүлчө, Алай, Капчыгай болуштуктары кирген. Аралаш типтеги болуштуктар катары Маргалаң уездинен Найман, Жоокесек-Бостон, Анжиян уездинен Жазы, Көгарт, Базар-Коргон, Ноокен жана Өзгөн, Ош уездинде Куршаб болуштугу эсептелген [5, 7б.]. Белгилей кетсек, административтик түзүлүш иш жүзүндө бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болуп, айрым болуштуктар биригип, бөлүнүп турган.

Анжиян уездинде 10 болуштук, тактап айтканда Майлы-Сай, Каракол-Сересуу, Кенкол-Карагыр, Ноокен, Базар-Коргон, Көгарт, Чангет, Өзгөн, Жазы, Коргон-Төбө болуштуктары кыргыз болуштуктары болгон. Ал эми Аим-Кыштак болуштугунун 69%, Жалал-Абад болуштугунун 53,3% көпчүлүк калкын кыргыздар түзгөн [7, 8-32 б.]. Андижан уездинде жашаган кыргыздардын дыйканчылык жүргүзүү чарбасы, жергиликтүү отурукташкан калктын таасири менен башка аймактарга салыштырмалуу айырмаланган.

Алсак, Анжиян уездинде жашаган кыргыздардын жайыттарды колдонууда нагыз уруулук принциптер сакталып калган. Ошондуктан кыштоого ылайыкташкан аймактарда уруунун малы чогуу, аралаш багылган. Жайыттарды колдонуу принциби эки категорияга бөлүнгөн: "жайлоо" жайкысын мал багуу жана "кыштоо", айрым гана учурларда жазгы "коктоо" жайыттарын колдонушкан. "Жайлоо" - бул бийик тоолу аймактар, белгилүү бир урууга тийешелүү, алардын малы жайылган аймак. Иш жүзүндө ар бир уруунун өзүнө таандык жайыттары болгон, ал жайыттарга башка адамдардын көчүп келүүсү мүмкүн болгон эмес.

Жалпы колдонуучу кыштоо аймактары тоо этектеринде жайгашып, алар суулу жайыттарды ээлешкен. Кыштоо аймактары бара-бара коргондолуп, тосулуп, жабык мал

кармоочу жайларга айлана баштаган. Жерди колдонуудагы мындай өзгөрүүлөр орус келгиндеринин таасири чоң болуп, кыргыздар акырындап отурукташууга ыктай баштагандыгын түшүндүргөн. Мындай кырдаал Кенкол-Карагыр болуштугунда, Кара-Суу дарыясынын жээктеринде жайгашкан кыргыздардын арасында байкалган [8, 42 б.].

Анжиян уездинде жашаган кыргыздарды жер колдонуу өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп жатып, алардын көпчүлүк жайлоолору, кыштоо аймактары мамлекеттик токой дачаларынын айланасында жайгашкандыгын белгилеп кетүү зарыл. Мындай аймактарга акча төлөп мал жайуу ыкмасы тарап, коңшулаш аймактардан мал айдап келишкен. Алсак, Самаркан, Сыр-Дарья облустарынын тургундары жайкысын мал жайышкан. Мындай көрүнүш уруулук ата-жай конуштарынын акырындап бузула баштагандыгына алып келген. Өзгөчө, сырттан келип мал багуу Базар-Коргон аймагында өркүндөй баштаган.

Чарба жүргүзүү процессинде айылдык общиналар тарабынан пайдаланып келген жерлерге карата болгон мамиле да өзгөрүүгө учурай баштаган. Анткени, бир уруунун мүчөлөрү үй-бүлөлүк турмуштун, жерди сатып алуунун натыйжасында башка уруунун курамына кирип жашап калган учурлар да орун ала баштаган. Бирок алар мурунку өз жайлоолоруна чыгышып малын багышкан. Мындай көрүнүштүн өзү айылдык общиналык түзүлүштөгү жерди уруулук принципте колдонуу салттуу тартиби акырындап ыдыроого алып келген.

1912-жылы Статистикалык комитет тарабынан Наманган уездине караштуу кыргыздар жашаган 5 болуштук изилдөөгө алынган: Арым, Кырк уул, Саруу, Сусамыр, Чаткал. Изилдөөнүн жүрүшүндө Статистикалык комитет тарабынан Наманган уезди төмөнкү 3 табигый-чарбалык райондорго бөлүнгөн: I- Кара-Суу району - түштүк аймактагы тоолу аймактын этегинде жайгашкан; II- Кетмен - Төбө уезди - түндүк-чыгыш аймагында жайгашкан; III- Чаткал уезди - түндүк-батыш аймагында жайгашкан тоолу аймак [9, 3 б.]. Мындан сырткары статистикалык комитет тарабынан жерди топографиялык жактан картага түшүрүү (геодезиялык аспап аркылуу) жана анын натыйжасында көчмөндөрдүн жерди колдонуу картасын түзүү болгон.

Статистикалык эсеп-учет көрсөткөндөй, Наманган уездинде жашаган кыргыздардын негизги чарбасы дыйканчылык-отурукташкан аралаш типтеги чарбаны түзгөн. Салттуу мал чарбачылык тибиндеги чарбалар акырындап мал чарбачылык-дыйканчылык, аралаш чарба жүргүзүү тибине өтө баштаган. Ал эми Анжиян уездинде жашаган кыргыздарда болсо, салыштырмалуу түрдө дыйканчылыктын өнүгүшү өзүнүн алгачкы этабында өнүгүп жаткандыгын "Материалдардагы..." маалыматтар тастыктап турат. Дыйканчылыктын жай өнүгө башташы аталган райондор негизиген тоолуу келип, кыргыздарда салттуу мал чарбачылыктын үстөмдүгү сакталып кала берген. Ал эми XX к. башында мал чарбачылыктан жер иштетүүчүлүккө (дыйканчылык) карай багыт алуу тенденциялары орус келгиндеринин, ошол эле учурда отурукташкан жергиликтүү калктын таасири астында акырындык мүнөздө жүрө баштаган. Өзгөчө азыркы Чаткал, Ала-Бука, Аксы аймактары географиялык-табигый жактан көчмөн турмушка шайкеш келгендиктен, салттуу мал чарбачылык материалдык байлыктын баштапкы киреше бөлүгү болгон.

Фергана областынын түштүк аймагында жашаган кыргыздардын чарбалык абалы өзгөчөлөнгөн мүнөзгө ээ болгон. Фергана областынын түштүк аймагында жашаган көчмөн калктуу чарбалар 7 табигый-чарбалык районго бөлүнгөн: I) Гүлчө-Куршаб; II) Алайку; III) Алдынкы Алай; IV) Кичи Алай; V) Батыш-тоолу; VI) Батыш-алдынкы тоолу; VII) Жогорку Алай кирген [4, 2 б.]. "Материалдарда.." келтирилген фактыларга таяну аркылуу Фергана областына караштуу уезддерде жашаган кыргыздардын жер иштетүүчүлүктөн жана мал

чарбачылыктан тапкан кирешесин 100 рубльга салыштырып көрөлү. Анжиян уездинде жашаган кыргыздар боюнча фактылар 1 таблицада берилет [8, 65 б.]:

1 таблица.- Анжиян уездинде жашаган кыргыздар

| **№** | **Райондор** | **100 рубльга карата тапкан пайдасы** | |
|---|---|---|---|
| | | Жер иштетүүчүлүктөн | Мал чарбачылыктан |
| I | Өзгөн | 69,3% | 30,7% |
| II | Көгарт | 81,5% | 18,5% |
| III | Базар - коргон | 81,5% | 18,8% |
| IV | Майлуу - сай | 64,6% | 35,4% |
| V | Кенколь - карагыр | 32,5% | 67,5% |

Жогорудагы таблицада көрүнгөндөй, I-IV райондордо жашаган кыргыздар негизги кирешени жер иштетүүчүлүктөн табышкан. Негизги себептердин бири катары табигый-географиялык факторду атоого болот. Анткени бул аймактар тоо этектеринде орун алып, түздүк суулу айдоо жерлери арбын болсо, коңшулаш жашап келишкен жергиликтүү отурукташкан калктын таасири чоң болгондугун белгилеп кетүүгө болот. Ал эми Кеңкол-Карагыр району (азыркы Токтогул районунун аймагы) тоолуу аймак болгондуктан, жер иштетүүчүлүккө караганда, мал чарбачылык алдынкы орунду ээлеген. Демек статистикалык эсеп-учеттун натыйжасында I-IV райондор дыйканчылык кылуу кызыкчылыгы жогору, жерди колдонуу нормаларын аныктоо, “ашыкча” жер маселесинин зарылдыгын чечүү маанилүү болгон. V-район болсо тоолуу, мал чарбачылыктын тиби сакталган район катары эсептелген. Өзгөчө Базар-Коргон, Көгарт райондорунда 1 чарбага 14,3 бирдиктеги (единица) мал туура келип, башка райондорго салыштырмалуу малдын башы аз санда болгон [8, 67 б.]. Ошол эле учурда эсеп-учеттун мезгилинде I-IV райондордо жашаган кыргыздардын отурукташуусу негизинен аяктаган, бирок чарбалык түзүлүшү толук аныкталып бүтө элек, деген тыянакка келишкен [8, 69 б.]. Демек отурукташууга кыргыздар багыт алгандыгына карабастан, көчүп мал багуу аракеттери сакталып кала берген. Наманган уездинде жашаган кыргыздардын негизги киреше булагы (2 таблицада) көрсөтүлөт [9, 62 б.].

2 таблица.- Наманган уездинде жашаган кыргыздардын киреше булагы

| **100 рубльга карата тапкан пайдасы** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Мал чарбачылыктан | Жер иштетүүчүлүктөн | Чөп чабыктан | Кол өнөрчүлүктөн | Башка тармактан | Баары |
| 41% | 38% | 8% | 3% | 10% | 100% |

Жогорку таблицадан белгилүү болгондой, Наманган уездинде жашаган кыргыздардын негизги киреше булагын мал чарбасы түзүп, ал 41% көрсөтсө, ошол эле учурда жер иштетүүчүлүк 38% түзүп, ортодо көп айырмачылык болгон эмес. Кирешенин калган булактары маанилүү көрсөткүчкө ээ болгон эмес. “Материалдарда...” көрсөтүлгөндөй уездде жашаган кыргыздардын чарба жүргүзүү тибинде өзгөрүү жүрүп, мал чарбачылык, жер иштетүүчүлүк өзүнүн өткөөл өнүгүү мезгилинде жашап жатат, тактап айтканда көчмөн мал чарбачылык жоюлуп, чарба жүргүзүүнүн мал чарбачылык-дыйканчылык аралашкан типтүү чарбасы жайыла баштаган [9, 62 б.]. Демек, статистикалык эсеп-учеттун натыйжасында

айдоо жерге тийиштүү болгон норманы колдонуу (1 чарбага 1,5-2,7 теше жер бөлүп берүү) кооптуу деп эсептелген. Анткени жер иштетүүчүлүк чарба толук калыптанып бүткөн эмес, ал мал чарбачылык менен тыгыз байланышта деген жыйынтыкка келишкен [9, 62 б.]. Фергана областынын батыш аймагында жайгашкан кыргыздардын негизги киреше булагын (3 таблица) салыштырып көрөлү [4, 180 б.].

3 таблица.- Фергана областынын батыш аймагында жайгашкан кыргыздардын киреше булагы

| **Райондор** | **100 рубльга карата тапкан пайдасы** | |
|---|---|---|
| | Жер иштетүүдөн | Мал чарбачылыктан |
| I | 56,8% | 43,2% |
| II | 37,7% | 62,3% |
| III | 31,8% | 68,2% |
| Жалпы I жана III | 33,9% | 66,1% |
| IV | 47,9% | 52,1% |
| V | 46,7% | 53,3% |
| VI | 38,4% | 61,6% |
| Жалпы IV- VI райондор боюнча | 41,9% | 58,1% |

Таблицадан көрүнүп тургандай, I- Гүлчө-Куршаб райондо жашаган кыргыздардын негизги чарбалык кирешесин жер иштетүүчүлүк түзгөн. Калган райондордо чарбанын негизги түрүн мал чарбачылыкты түзгөн. II-III райондордо жер иштетүүчүлүк экинчи орунду ээлеп, мал чарбачылык алдыда турган. Албетте II-III районго кирген Алайкуу, Алай аймактары географиялык-табигый жактан тоолу келип, салттуу мал чарбачылык байлыктын негизги булагы бойдон кала берген. Ошол эле учурда, мал чарбачылыгын үстөмдүк кылган райондор катары IV-VI топко кирген тоолуу райондор эсептелинген. Фергана областынын Ош, Кокон, Скобелев уезддеринде статистикалык комитет тарабынан 8875 чарба иликтенип, алар 258 айылдык чарбага бөлүнгөн, айылдын чоңдугу 200-300 түтүнгө чейин жеткен. Көпчүлүк айылдар 70 короодон туруп, алар 89,9% түзсө, калган 10,1% айылдар 70 короодон жогоркулар болгон [4, 103 б.]. Белгилей кетсек, жер иштеткен чарбалык айыл түзүлүшү менен көчмөн салттуу мал чарбачылык-уруулук общиналык түзүлүштүн айырмасы болгон, чарбалык айыл түзүлүшү XX к. башындагы чарбалык өзгөрүүлөрдүн таасири астында жаралган түзүлүш катары кабыл алуу зарыл. Тактап айтканда чарбалык айыл жер иштетүүчүлүктөгү өндүрүштүн түрүнүн жаралуусунан улам пайда болгон.

Фергана областынын түштүк аймагындагы кыргыздар жашаган райондордо айылдык общиналык түзүлүш өкүм сүрүп, алар бир канча чарбалык айылды бириктирип, жайытты да биргелешип колдонуп келишкен. Статистикалык эсеп-учет жүргүзүү мезгилинде түштүк аймактагы калктын арасында көчмөн-мал чарбачылык түзүлүштөн отурукташкан-дыйканчылык түзүлүшкө өтүү формасынын жүрүп жаткандыгы белгиленет [4, 104 б.]. Анткени, аталган аймакта туруктуу жашоо үчүн курулган турак жайлар кеңири өнүгө баштаган.

Маселен, 9595 катталган бардык түтүндүн ичинен 4148 такай турак жай курушкандар, же болбосо алар 50%га жакынды түзүшкөн [4, 104 б.]. Башка уезддеги көчмөн чарбаларга салыштырмалуу, түштүк аймакта калк жыш жайгашкан.

Фергана областынын Анжиян, Наманган, Скобелев, Ош, Маргалаң уезддеринде жашаган кыргыздардын чарба жүргүзүү абалына, өзгөчөлүктөрүнө карата жүргүзүлгөн тарыхый-салыштырма анализден төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот.

**Жыйынтыктар:**

1. Областтагы жашаган кыргыздар өзүнүн табигый-географиялык жайгашуусу менен айырмаланып, географиялык абалга жараша мал чарбачылык, жер иштетүүчүлүк чарбалык тиби менен айырмаланышкандыгы анык;

2. Салыштыруу анализинен белгилүү болгондой, тоолуу аймактарда жашаган кыргыздар салттуу мал чарбачылык материалдык байлыктын негизги киреше бөлүгүн түзгөндүгү белгиленди;

3. Суулу, түздүктүү аймактарда жашаган кыргыздарда жер иштетүүчүлүк, көчмөн-мал чарбачылык, отурукташкан-дыйканчылык, аралашкан чарбанын тиби үстөмдүк кылгандыгы белгиленди;

4. XX к. башында көчмөн кыргыздардын чарба жүргүзүү салтында транцформациялык процесстер жүрүп, отурукташууга карай багыт алган тенденциялар күчөй баштаган.

**Колдонулган адабияттар тизмеси:**

1. **Кауфман, ф. К.П.** Проект всеподданнейшего отчета генерал-адъютанта [Текст] / К.П. фон Кауфмана // 1-го по гражданскому управлению и устройству в областях Туркестанского генерал-губернаторства 7 ноября 1867 г. - СПб., 1885.- 73 с.
2. Положение об управлении Туркестанского края, Полное собрание законов Российской империи. Собр. 3-е. Т. VI: 1886, закон №3814 - Высочайше утвержденное Положение об управлении Туркестанского края.- 320 с.
3. Материалы по киргизскому землепользованию. Ферганская область Андижанский уезд. -Ташкент, 1913; Материалы по киргизскому землепользованию. Ферганская область. Наманганский уезд. - Ташкент, 1913; Материалы по землепользованию кочевого киргизского населения южной части Ферганской области (Ошский, Скобелевский и Кокандский уезды).- Ташкент, 1915.
4. Материалы по землепользованию кочевого киргизского населения южной части Ферганской области (Ошский, Скобелевский и Кокандский уезды). –Ташкент, 1915.- 2 с.
5. Статистический обзор Ферганской области за 1904 г. - Скобелев, 1905.- С. 6-7.
6. **Кубанычбек, у. Н.** Колониалдык доордогу “аскердик элдик” башкаруу системасы, анын натыйжалары (Фергана областынын материалдарынын негизинде; XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы) [Текст]: Автореф. дисс. ... к.и.н. / Н.Кубанычбек у. –Бишкек, 2024. – 182 б.
7. Список населенных мест Ферганской области.- Скобелев, 1909. - С. 2-32.
8. Материалы по киргизскому землепользованию. Ферганская область Андижанский уезд. -Ташкент, 1913. – С. 67-69.
9. Материалы по киргизскому землепользованию. Ферганская область. Наманганский уезд. - Ташкент, 1913. – 62 с.

Поступила в редакцию: 18. 09. 2024 г.

**УДК 391.4:687.4**

***Исраилова Г.А.***

*аспирант Кыргызско-Узбекского Межд. универ. им. Б.Сыдыкова, Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ ЖЕҢИ ЖОК КИЙИМДЕРИНИН АТАЛЫШТАРЫ ЖАНА АЙЫРМАЛАРЫ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары кыргыздардын жеңи жок улуттук кийимдери каралган. Изилдөөнүн максаты болуп жеңи жок кийимдердин аталыштарын тактоо, алардын формасындагы, бычымындагы, тигилишиндеги айырмачылыктарын аныктоо. Адабияттарды талдоо, сурамжылоонун негизинде төмөндөгүдөй аталыштарды аныктоо - желек, желетке,*